**Бекитемин**

**Баткен районduк билим**
**берүү бөлүмүнүн башчысы**
**_______________О.К.Мажилимов**

**Буйрук №_______**

**«__» _________ 2021 – жыл.**

# “Чоң-Талаа” орто мектебинин
# УСТАВЫ

**Чоң-Талаа айылы 2021 – жыл**

## Мазмуну

**1.бөлүм**
**Жалпы жоболор**
**2. бөлүм**
**Укутук статусу**
**3. бөлүм**
**Жалпы билим берүүчү мекеменин ишмердигинин предмети жана максаты**
**4. бөлүм**
**Ишмердигинин негизги принциптери**
**5. бөлүм**
**Укуктары жана милдеттери**
**6. бөлүм**
**Билим берүү процессии**
**7. бөлүм**
**Билим берүү процессинин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери**
**8. бөлүм**
**Жалпы билим берүүчү мекеменин түзүмү**
**9. бөлүм**
**Жалпы билим берүүчү мекемени башкаруу**
**10. бөлүм**
**Каржылоо булактары жана каражаттарды пайдалануу**
**11.бөлүм**
**Ушул уставка өзгөртүүлөрдү,толуктоолорду кабыл алуу**
**12. бөлүм**
**Жалпы билим берүүчү мекеменин ишмердигин көзөмөлдөө**
**13. бөлүм**
**Жалпы билим берүүчү мекеменин ишин токтотуусу**

**Баткен облусунун Баткен районунун Чоң-Талаа орто мектебинин типтүү уставы** (минималдуу стандарттын негизинде каржылоонун жан башына принцибине өтүү шарттарында)

**1.Жалпы жоболор**

**1.1** Мамлекеттик жалпы билим берүүчү мекеме(мындан ары жалпы билим берүүчү мекеме) башталгыч жалпы,негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн жалпы билим берүүчү программаларын ишке ашыруучу мамлекеттик(муниципалдык) жалпы билим берүүчү мекеме болуп эсептелет.

**1.2**.Жалпы билим берүүчү мекеменин уюштуруучулары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:
А).Мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары
Б).Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (айыл)
Жалпы билим берүүчү мекеменин уюштуруу документтери болуп аны түзүү жөнүндөгү чечим же уюштуруучулардын келишими,ошондой эле Жалпы билим берүүчү мекемелердин уставы эсептелет.

**1.3 Жалпы билим берүүчү мекеменин формасы**-мамлекеттик(миниципалдык) жалпы билим берүүчү мекеме.

**1.4** Жалпы билим берүүчү мекеме өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын,Кыргыз Республикасынын башка нормативтик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин буйруктарын жана тескемелерин,ошондой эле ушул Уставды жетекчиликке алат.

**1.5** Жалпы билим берүүчү мекеме чектелбеген мөөнөткө түзүлөт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген тартипте мамлекеттик каттодон өтөт.

**1.6** Жалпы билим берүүчү мекеменин толук жана кыскартылган түрдө мамлекеттик тилде- “Чоң-Талаа” орто мектеби,”Чоң-Талаа” о.м.
Орус тилинде-средняя школа “Чон-Талаа” сш.“Чон-Талаа”

**1.7** Жалпы билим берүүчү мекеменин юридикалык дареги:
Кыргыз Республикасы,Баткен облусу,Баткен району,Төрт-Гүл айыл өкмөтү Чоң-Талаа айылы Жибек жолу көчөсү №3 инд:720101

## II.Укуктук статусу

**2.1.** Жалпы билим берүүчү мекеме мамлекеттик каттодон өткөн күндөн тартып финансылык –чарбалык жана укуктук өз алдынчалыкка,өзүнчө мүлккө,өз алдынча балanска,өзүнүн аталышы кыргыз жана орус тилдеринде жазылган мөөргө,штамптарга жана бланктарга,казыналык органдарында жана башка финансы-кредиттик мекемелерде алыш-бериш жана бет эсептерине ээ юридикалык жак болуп эсептелинет.

**2.2.** Мулк жана билим берүүчү мекеме оперативтүү башкаруу укугунда бекитип берилет,ага карата жалпы билим берүүчү мекеме ээлик кылуу укугун, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пайдалануу жана тескөө укугун ишке ашырат. Жалпы билим берүүчү мекеменин мүлкүнүн курамына төмөнкүлөр кириши мүмкүн:негизги каражаттар,ээлеп турган жайы,жабдуулар,инвентарь,жер участкасы жана башка мүлк.

**2.3** Жалпы билим берүүчү мекемеге менчик укугунда акча каражаттары,мүлк жана ага жеке юридикалык жактар белек,кайрымдуулук же мурас катары берген башка менчик обьекттери,ошондой эле жалпы билим берүүчү мекеменин өздүк ишмердигинен түшкөн кирешелер,ушул кирешеге сатып алынган обьектилери таандык.

**2.4.** Жалпы билим берүүчү мекеме уюштуруучунун макулдугу менен мыйзамдарга ылайык өзүнө бекитилген мүлктү ижарага берүүгө укуктуу.Ижарага берилген мүлктөн алынган киреше уставтык максаттары үчүн пайдаланылат.

**2.5.** Жалпы билим берүүчү мекеме мыйзамда каралган бардык жарандык-укуктук бүтүмдөрдү ишке ашырууга,сотто доогер жана жоопкер болууга,башка укуктарга жана милдеттерге ээ болууга укуктуу.

**2.6.** Жалпы билим берүүчү мекеменин ишмердиги Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте аттестацияланууга жатат.

**2.7.**Уюштуруучулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда,тартипте жана чектерде жалпы билим берүүчү мекеменин милдеттенмелери боюнча жоопкерчилик тартат.

## III. Жалпы билим берүүчү мекеменин ишмердигинин предмети жана максаты.

**3.1.** Жалпы билим берүүчү мекеменин негизги максаты жалпы билим берүүчү программалардын мазмунун милдеттүү минимумун өздөштүрүүнүн негизинде окугандардын инсандыгынын жалпы маданиятын түзүү,аларды коомдун турмушуна көнүктүрүү,жалпы таанылган тандоо үчүн негиздерди түзүү жана андан ары кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү жана жарандуулукка тарбиялоо.

**3.2.** Жалпы билим берүүчү мекеменин ишмердигинин предмети башталгыч жалпы,негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруу болуп эсептелет.

## IV. Ишмердигинин негизги принциптери.

4.1 Жалпы билим берүүчү мекеме төмөнкү принциптердин негизинде иштейт.
-сапаттуу билим алууга Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын укуктарынын тендиги
-мамлекеттик билим берүүчү стандарттарын аткаруу
-билим берүүнүн натыйжалуу системасын түзүү
- Жалпы билим берүүчү мекеменин финансылык өзгөчөлугүн камсыздоо
-мамлекеттик финансылык ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу
-бир окуучуга эсептегенде каржылоонун бирдиктүү стандартташтырылган нормативинин негизинде жалпы билим берүүчү мекемелерди бюджеттик каржылоону камсыздоо.
-билим берүү процессинин системалуулугу жана үзгүлтүксүздүгү
-Мамлекеттик жана муниципиалдык окуу жайларда башталгыч жана негизги билимди,жалпы орто билимди ар бир жарандын милдеттүү жана кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөмө кызматтардан алынган кирешелерди өз алдынча тескөөчү,андай кирешелер өзүнчө балансchallenge эске алынат
- Жалпы билим берүүчү мекемелердин бүткүл финансылык ишмердигин коомдук-мамлекеттик контролдоо үчүн ачык-айкындуулук жана жеткиликтүүлүк.

## V.Укуктары жана милдеттери

**5.1** Өз иш милдеттерин ишке ашырууда коюлган милдеттерге жетүү үчүн жалпы билим берүүчү мекеме төмөнкү укуктарга ээ
-чыгымдар сметасын өз алдынча иштеп чыгууга жана бекитүүгө,тиешелүү түрдө аларды өзгөртүүгө
-өзүнүнн материалдык-техникалык,финансылык жана кадрдык ресурстарын өз алдынча пайдаланууга-мамлекеттик лицензия менен жана жалпы билим берүүчү мекеменин ишмердигин жонгө салуучу мыйзамдардын талаптары менен бекемделген(билим берүүчү ишмердиктин белгилүү түрү) укугуна ылайык билим берүү процессин уюштурууга
-Кыргыз Республикасынын билим берүү,илим жана жаштар саясаты министрлиги бекиткен мамлекеттик билим берүү программаларынын,базистик окуу планынын негизинде окутуу программаларын иштеп чыгууга,кабыл алууга жана ишке ашырууга
- Кыргыз тилинде/тилдеринде(башталгыч,негизги/жалпы орто) денгээлдеги/типтеги/түрдөгү жалпы билим берүүчү программаларды ишке ашырууну камсыз кылууга
- <<Билим берүү жөнүндө >>Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизги жоболоруна туура келүүчү тандоонун өз алдынчалыгына, окутуу менен тарбиялоонун формаларын, каражаттарынын жана усулдарын пайдаланууга жана түзүүгө;
- төмөнкүлөрдү камсыз кылуучу жалпы билим берүүчү мекемелерге кабыл алуунун тартибин белгилөө;
-башталгыч жалпы жана негизги билим берүүнүн баскычтарына-ушул аймакта жашаган жана негизги жалпы билим алууга укугу бар бардык окутулууга тийиш адамдарды кабыл алууга (ушул аймакта жашабагандарга мекемеде бош орун жок болуп калган учурда гана кабыл алуудан баш тартышы мумкун);
-орто (толук) жалпы билим алуу учун айрым сабактар терендетилип окутулуучу окуучулардын же ата-эненин (ата-энесининин ордун басуучу адам)каалосу менен жалпы билим берүүчү мекеменин жогорку класстарына конкурстук негизде алынат. Конкурстун шарттары жалпы билим берүүчү мекеме тарабынан иштелип чыгат жана бекилет.
-<<Билим берүү жөнүндө >> Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарына ылайык окугандарды аралыктын аттестациялоону баалоо, формасы, тартиби жана мезгилдүүлүгү системаларынын тандоодо өз алдынчалыкка;

-Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигин регламенттөөчү актыларына ылайык бүтүрүүчүлөргө жыйынтыктоочу аттестацияларды жүргүзүүгө, жалпы берүүчү мекеменин мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билим берүүнүн деңгээли жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ берүүгө;
-кошумча билим берүү программаларын ишке ашырууга жана негизги билим берүүчү прогроммалардын статусун аныктоочу чектердин сыртка кошумча билим берүүчү кызматтарды корсөтүүгө, анын ичинде (кошумча били берүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү жана формалары, анын ичинде акы төлөмө) жана жалпы билим берүү процессин жана имараттарды кармоону камсыздоо үчүн зарыл болгон кызматарды көрсөтүүгө;
- уюштуруучулардын демилгеси же макулдугу боюнча финансылык ресурстарды сарамжалдуу пайдалануунун билим берүү процессин оптималдаштыруу максатына филиалдарды түзүүгө жетишүүгө;
-улуттук, мамлекеттик програмаларды ишке ашырууга катышуу;
-жалпы билим берүү боюнча иштерди уюштуруу жана жакшыртуу маселелерине карата жогору турган мамлекетик башкаруу органына жана кызмат адамдарына сунуштарды киргизүү;
-ассоцациаларга жана башка коомдук уюмдарга, анын ичинде эл аралык кирүүгө, алардын иштерине катышууга;
-ассоцациаларды, союздарды жана башка бирикмелерди түзүүгө жана иштерине катышууга, анын ичинде билим берүүнү өнүктүрүү жана өркүндөтүү максатында мекемелердин, ишканалардын жана коомдук уюмдардын катышуусу менен.

**5.2.** Жалпы билим берүүчү мекеме төмөнкүлөрду камсыз кылууга милдетүү :
-жалпы билимдин сапатын жана анын мамлекеттик билим берүү стандартына туура келишин;
-билим берүү процессин колдонулуучу формаларынын, усулдарынын жана каражатарынын окугандардын курактык психологиялик өзгөчөлүктөрүнө, Жөндөмдүүлүктүрүнө, шыктарына, кызыкчылыктарына өмүрүн жана ден соолугун коргоо талаптарына шайкеш келишин;
-санитардык-гигиеналик нормаларды сактоону;
-билим берүүнун чектеш денгээлдеринин ортосундагы оз ара аракети жана уланмалуулукту;
-сергек жашоо мунөзүн пропагандалоону жана окуучуларды санитардык-гигеналык тарбиялоону;
**5.3**.Жалпы билим берүүчү мекемеге окугандарды алардын макулдугусуз жана ата-энелеринин (аларды алмаштыруучу адамдардын ) макулдугусуз жалпы билим берүүчү програмаларды, окуу планында жана Жалпы билим берүүчү мекеменин уставында каралбаган эмгекке окугандарды тартууга тыюу салынат.
**5.4** Окугандарга карата күч жана психикалык зомбулук методдорун колдонууга жол берилбейт.
**5.5** Жалпы билим берүүчү мекемелерде саясий партияларды,коомдук саясий,диний кыймылдарды жана уюмдарды түзүүгө жана иштешине жол берилбейт.
**5.6** Окугандарды,тарбиялануучуларды коомдук,саясий уюмдарга,кыймылдарга жана партияларга кирүүгө мажбурлоого,ошондой эле ушул уюмдардын ишине жана үгүттөөчү компаниялар менен саясий акцияларга катышууга мажбурлап тартууга жол берилбейт

**VI.Жалпы билим берүү процесси**

**6.1** Жалпы билим берүүчү мекемеде окутуу мамлекеттик тилде жана расмий тилде жургүзүлөт.Мектеп окуучулардын окутуу тилин тандоосу үчүн мүмкүнчүлүктү камсыз кылат.
**6.2** Биринчи класска 6 жаштан,бирок 7 жаштан ашпаган балдар ата-энелердин(алардын ордун алмаштыруучу адамдардын) каалоосуна жараша кабыл алынат.
**6.3** Жалпы билим берүүчү мекемеге окутуу жана тарбиялоо учун кабыл алуу буйрук менен ишке ашырылат.Кабыл алуу жол-жобосу Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү мыйзамдарына каршы келиши мүмкүн эмес болгон жалпы билим берүүчү мекемелерге кабыл алуу эрежелери менен жөнгө салынат.
**6.4** Жалпы билим берүүчү мекеме жалпы билим берүүчү программалардын баскычтарына ылайык билим берүү процессин билим берүүнүн үч баскычында ишке ашырылат.

1-баскыч-башталгыч билим берүү (4 жыл)
2-баскыч-негизги билим берүү (5жыл)
3-баскыч-орто билим берүү (2 жыл)

Жалпы билим берүүчү мекемелердеги жалпы билим берүүнүн мазмуну мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негзинде Жалпы билим берүүчү мекеме тарабынан өз алдынча иштелип чыгуучу,бекитилүүчү жана ишке ашырылуучу программа менен аныкталат.
**6.5**. Жалпы билим берүүчү мекемеде билим берүү процессин уюштуруу сабактардын расписаниесине ылайык Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган окуу планынын негизинде түзулөт.Мында жалпы билим берүүчү мекеме график боюнча иштейт.

1-баскыч-беш күндүк жумуш жумалыгы
2-баскыч- беш күндүк жумуш жумалыгы
3-баскыч- беш күндүк  жумуш жумалыгы

**6.6** Академиялык сааттын узактыгы 45 мүнөт,биринчи класста 40 мүнөт.

**6.7** Ар бир класста жыйынтыктоочу жүктөм массалык мектептердин окуучулары үчүн максималдуу жол берилүүчү милдеттүү жүктөм болуп эсептелет.
Мектеп-лицейлердин,мектеп-гимназиялардын окуучулары үчүн чектик жол берилген жүктөм болуп төмөнкүлөр эсептелет.
1-класс-20 саат
2-3-класстар-24 саат
4-класс 25 саат
5-класста-30 саат
6-11-класстарда-32 саат
Жекече план боюнча окутуу окуучулардын,алардын ата-энелердин же аларды алмаштыруучу адамдардын каалоосу боюнча жүргүзүлөт.
**6.8** Жалпы билим берүүчү мекемедеги класстардын саны окуучулардын санына жана санитардык нормаларды эске алуу менен билим берүү процессин жүргүзүү үчүн түзүлгөн шарттарга жараша болот.Класстардын толушу 30дан ашык эмес санда белгиленет.Гимназиялык компоненти бар класстарда 20дан ашык эмес окучу.1-11-класстарда кыргыз жана чет тилдерин окутуу боюнча,5-11-класстарда эмгектик окутуу боюнча,8-11-класстарда ИЭТН боюнча сабактарды өткөрүүдө класстар окуучулары

30(Жалпы билим берүүчү мекемелердин шарттарына жараша класстын толушу 20 окуучу болгон контракттык негиздеги класстарда) жана андан ашык болгондо эки чакан топко бөлүнот.Зарыл каражаттар болгон учурда эң аз болгон топтордо да бөлүнүшү мумкун. Жалпы билим берүүчү мекеме ата-энелердин(мыйзамдуу өкүлдөрдүн) каалоосу жана суроо-талабы боюнча акы төлөмө негизде узартылган күндо окугандардын тобун, жалпы билим берүүчү мекемеге окуучуларды даярдоо боюнча топторду ачууга укуктуу.
**6.9** Жалпы билим берүүчү мекемеде окуу жылы 1-сентябрдан башталат.Окуу жылынын узактыгы биринчи класста 33 жума,кийинкилерде 34 жума.Окуу жылынын ичиндеги каникулдардын узактыгы 30 календарлык күн,жайында 8 календарлык жумадан кем эмес,биринчи класстын окуучулары үчүн 3-чейректе кошумча бир жумалык каникул белгиленет.
Жылдык окуу –календарлык график жалпы билим берүүчү мектептин директору тарабынан райондук(шаардык) билим берүүчү мектептин директору тарабынан райондук(шаардык) билим берүү бөлүмү менен макулдашуу боюнча жалпы билим берүүчү мекеменин педагогикалык кенешинин пикирин эске алып буйрук менен бекитилет .
**6.10**. Жалпы билим берүүчү мекемеде программаларды толук көлөмдө өздөштүргон окуучулар кийинки класска кочүрүлөт.Кийинки класска бир сабак боюнча окуу жылынын жыйынтыгында академиялык карыз болуп калган окуучулар шарттуу түрдө көчүрүлүшү мүмкүн.Башталгыч,жалпы жана негизги жалпы билим берүү баскычтарында окуган,окуу жылынын программасын өздөштүрбөгөн жана эки же андан ашык сабак боюнча академиялык карызы бар окуучулар кайталап окутуу үчүн өз классында калтырылат.Окуучуларды которуу кандай учур болсо да педагогикалык кеңештин чечими боюнча жүргүзүлөт.Мурунку деңгээлдеги жалпы билим берүүчү программаны өздөштүрбөгөн окуучулар жалпы билим берүүнүн кийинки баскычына окуганга жол берилбейт.
**6.11** Жалпы билим берүүчү мекеме окуучулардын жана алардын ата-энелеринин(же башка окулдорунун)каалоосу боюнча үй-бүлөлүк билим берүү,өз алдынча билим алуу,экстернат же сырттан окуу формасында жалпы билим берүүчү программаларды же айрым бөлүмдөрүн өздөштүрүүгө көмөк көрсөтөт.
**6.12** Жалпы билим берүүчү мекеменин башкаруу органынын (Педагогикалык кенештин) чечими боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жана жашы жете электердин иштери боюнча комиссиянын макулдугу боюнча укукка жат аракеттерди жасагандыгы,жалпы билим берүүчү мекеменин уставын одоно жана бир нече жолу бузгандыгы үчүн педагогикалык таасир этүүнүн акыркы чарасы катары 15 жашка жеткен окуучуну ушул жалпы билим берүүчү мекемеден чыгарууга жол берилет.
Бир нече жолу тартип бузду деп окуучулардын жалпы билим берүүчү мекеменин директору тарабынан эки же андан ашык тартип жазасын колдонуусун,ереже катары одоно тартип бузуну кайталоону түшүнүүго болот.Тартипти одоно бузуу деп төмөнкүдөй түрдө өтө оор кесепеттке алып келген же алып келиши мүмкун болгон тартип бузуу таанылат.
Окуучулардын жалпы билим берүүчү мекемелердин кызматкерлеринин,ага келгендердин өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирүү;
- Жалпы билим берүүчү мекеменин,окуучулардын,жалпы билим берүүчү мекемелердин мекемелердин кызматкерлеринин жана ага келгендердин мүлкүнө зыян келтирүү Материалдык зыянды окугандар жана анын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар)Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык калыбына келтиришет.
Жетим балдарды жана алардын ата-энелеринин камкордугусуз(мыйзамдуу өкүлдөрүсүз) калган балдарды чыгаруу жөнүндөгү чечим тийиштүү камкордук жана көзөмөлчүлүк органынын алдын алуу макулдугу менен педагогикалык кеңеш тарабынан кабыл алынат.
Окуучуну чыгаруу жөнүндөгү педагогикалык кеңештин чечими жалпы билим берүүчү мекеменин директорунун буйругу менен таризделет.Окуучуну чыгаруу жөнүндөгү жалпы

билим берүүчү мекемеин директору үч күндүк мөөнөттө тиешелүү жергиликтүү башкаруу органына маалымдайт.Жергиликтүү башкаруу органы ата-энелер мыйзамдуу өкүлдөрү менен бирдикте бир айлык мөөнөттүн ичинде окуудан чыгарылган баланы ишке орноштуруу же башка билим берүү мекемесинде окуусун улантуусун камсыз кылуучу чараларды көрөт.Окуучуну чыгаруу жол-жобосу жалпы билим берүүчү мекемелердин окуучуларын сыйлоо,жаза берүү жөнүндөгү  эрежелер менен толук жөнгө салынат,алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеши керек.

**6.13** Негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын өздоштүрүү бүтүрүүчүлөрдү милдеттүү түрдө жыйынтыктоочу аттестациялоо менен аяктайт. Жалпы билим берүүчү мекемелердин бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу аттестация Кыргыз Республикасынын мектептеринин бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу аттестациялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарына ылайык ишке ашырылат. Жалпы билим берүүчү мекеменин бүтүрүүчүлөрүнө алар жыйынтыктоочу аттестациядан өткөндөн кийин билим берүү деңгээли жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ берилет,ал жалпы билим мекеменин мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Жалпы билим берүүчү программаларын өздөштүрүүгө өзгөчө ийгиликтерге жеткен бүтүрүүчүлөргө  өзгөчө үлгүдөгү күбөлүк жана аттестат берилет.

**6.14** Жалпы орто билим берүүчү мекеме акысыз негизде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуучулардын айрым контингентине сабактан тышкаркы убакта Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтөт.

**6.15** Жалпы билим берүүчү мекеме окуучулардын ата-энелеринин каалоосу боюнча бекитилген окуу планы менен түрдүү кошумча акы төлөмө билим берүүчү кызматтарды көрсөтүшү мүмкүн.

**6.16** Жалпы билим берүүчү мекемедеги класстардын саны класстардын толушунун санитардык жана чектик нормаларын окуу бөлмөлөрүнун сыйымдуулугун эске алуу менен жарандардын берилген арыздарынын санына жараша болот.

**6.17** Окуучулардын жана алардын ата-энелеринин(аларды алмаштыруучу адамдардын)кызыкчылыктарын эске алуу менен,уюштуруучулардын макулдугу боюнча жалпы билим берүүчү мекемеде даярдоо класстары(мамлекеттик,расмий тилдерди билбегендер жана даярдыксыз балдар учун),бюджет боюнча контракттык негизде бөлүнгөн каражаттардын чегинде коррекциялык топтор ачылышы мүмкүн.

**6.18** Жалпы билим берүүчү мекемелердин окуучулардын акысыз медициналык тейлөө атайын бекитилген саламаттыкты сактоо мекемеси(медициналык кызматкер) тарабынан камсыз кылынат.Ал администрация жана педагогикалык кызматкер менен катар эле дарылоо-алдын алуу иш чараларын өткөрүүгө,санитардык-гигиеналык нормаларды,окуучулардын тамактануу режимин жана сапатын сактоого жоопкерчилик тартат.

**6.19** Жалпы билим берүүчү мекемеде окуучулардын тамактануусун уюштуруу мектеп ашканасы(атайын типтуу жай) аркылуу жүргүзүлот.

**6.20** Жалпы билим берүүчү мекеме билим берүүнү аймактык башкаруу органынын макулдугу менен окуу планына ылайык сабактарды терендетин октууну кароочу гимназиялык компоненти бар класстарды ачууга укуктуу.

**VII. Билим берүү процессинин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери.**

**7.1** Жалпы билим берүүчү мекеме билим берүү процессинин катышуучулары болуп

окугандар жалпы билим берүүчү мекеменин педагогикалык кызматкерлери,окугандардын ата-энелери(аларды алмаштыруучу адамдар) эсептелет.

**7.2** Жалпы билим берүүчү мекемеге кабыл алуу тартиби «Билим берүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамы жана ушул Устав менен аныкталат.

**7.3** Жалпы билим берүүчү мекеме окууга тапшырып жаткан баланы жана анын ата-энесин(аларды алмаштыруучу адамдарды) билим берүү процессин уюштурууну регламенттөөчү Устав же башка документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

**7.4** Окуучулардын,алардын ата-энелеринин(аларды алмаштыруучу адамдардын) укуктары жана милдеттери Жалпы билим берүүчү мекеме жөнүндөгү типтүу жобонун негизинде жалпы билим берүүчү мекеменин Уставы менен аныкталат.(Кыргыз Республикасынын Билим берүү илим жана маданият министрлигинин 1997-жылдын 2-октябрындагы № 376/1 буйругу менен бекитилген)

- « Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган көлөмдө акысыз жалпы орто билим алууга-Билим берүүнүн:күндүзгү,сырттан окуу,экстернат жана үй-бүлөлүк формаларын тандоого

-жеке окуу программалары боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын алкагында окутуунун тездетилген курсуна окууга.Жекече окуу программалары боюнча окутуу шарттары жалпы билим берүүчү мекеменин Уставы жана ага ылайык кабыл алынган жоболор менен регламенттелет

-Мектеп китепканасынын китепканалык-маалыматтык ресурстарын пайдаланууга кошумча акы төлөмө билим берүү кызматтарын алууга

-Уставта аныкталган формада жалпы билим берүүчү мекемени башкарууга катышууга

-адамдын кадыр-баркын сыйлоого,абийир жана маалымат эркиндигине,өзүнүн жеке көз карашын жана ишенимдерин эркин билдирүүгө.Окуучуларга карата күч жана психикалык зомбулук ыкмаларын колдонууга жол берилбейт.

**7.5 Окуучулардын ата- энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө укуктуу:**

- Мектепти тандап, окуусун улантуу үчүн окутуунун бардык этабына балдарын жиберүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде окуучулардын жалпы орто билим алуу укугун сактоону талап кылууга;
- Балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;
- Уставда аныкталган таризде мектептин башкаруусуна катышууга;
- Билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштуу региондук органына балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча кайрылууга укуктуу;

**7.6 Окуучулардын ата - энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө милдеттүү:**

-Балага жалпы орто билим алуу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө;

-Окуу куралдары менен толук камсыздоого;

-Сабакка убагында кечиктирүүсүз, калтырбоосуз катыштырууга;

-Мектеп жана мугалим менен тыгыз байланышта болууга;

-Балдарды сабакка сапаттуу даярдоону көзөмөлдөөгө;

-Балдардын күч-кубатына жана психикалык ден-соолуктарына ар дайым камкордук көрүүгө;

-Баланын жана мугалимдин инсандык намысын урматтап, анын улуттук, тарыхый, руханий-маданияттык байлыктарын жана элдик салттарды, Мекенин сүйүүгө, айлана-чөйрөнү урматтоого тарбиялоо;

-Окуучуларды мектепте түзүлгөн «Ата-энелер мектебинин» алдындагы түзгөн иш-чаранын негизинде тарбия ишин алып барууга;

-Мектептин уставындагы укуктарын жана милдеттерин аткарууга, балдарынын тарбиясына жана балдары мектепке зыянкелтиргендиги үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте жооп берүүгө;

-Мектептен сырткары убакытта баланын жасаган кылмыштуулугу үчүн жооп берүүгө;

**7.7** Жалпы билим берүүчү мекемеде окугандар төмөнкүлөргө укуктуу
**Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:**

- Мектептин ар кайсы этабына сынактын негизинде окууга кирүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч, жалпы негизги жана акысыз жалпы орто билим алууга;
- Кошумча билим берүү кызматы, анын ичинде акы төлөнүүчү да таризде билим алууга;
- Мектептин китепканасынын, маданияттык – спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аныкташкан тартиптер боюнча бекер тамактанууга, медициналык тейлөөгө
- ;
- Устав дааныкталган таризде мектепти башкарууга катышууга;
- Балдар уюмунун ишин уюштурууга жана ага катышууга;
- Инсандык кадыр-баркын урматтоого жана маалымат эркиндигине, өзүнүн жеке көз карашын жана ынанымдарын эркин айтууга;
- Жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү аяктаганда
- мамлекеттик үлгүдөгү билим жөнүндө документтерин өз учурунда алууга ж.б. укуктуу.
- **Окуучулар төмөнкүлөргө милдеттүү:**
- Мектептин уставын сактоого жана аткарууга;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде мектептин программаларын өздөштүрүүгө;
- Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган кыргыз жана башка улуттардын салттарын, мектептин башка улутундагы окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр- баркын урматтоого;
- Ички тартипти сактоо, анын ичинде мектептин формасында жүрүүгө;
- Мектепте уюлдук телефон аппараттарын колдонбоого(керексиз учурда);
- Мектептин коомдук-пайдалуу иштерине активдүү катышууга;
- Мектептин мүлкүнө этият мамиле кылуу жана мектепке зыян келтирсе мыйзам чегинде жоопкерчиликке тартылууга милдеттүү;
  - -Мектеп тартип окуу процессинин бардык катышуучуларынын инсандык кадыр-баркын урматтоосунун негизинде жолго салынат.
- Окуучуларга карата кара күч жана психологиялык зомбулук ыкмаларын колдонууга кескин тыюу салынат

- Окуучуларды коомдук-саясий жана диний партиялар менен уюмдарга, аскердик түзүлүштөргө кирүүсүнө (өтүгө), ошондой эле ушул партиялар менен уюмдардын иштерине, агитациялык компаниялар менен саясий акцияларына катышуусуна мажбурлоого жол берилбейт.
- Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнун негизги мектептин программаларын өздөштүрүү, бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы менен аяктайт.
- Тийиштүү класстардын негизги мектептин программаларын толук өлчөмдө өздөштүргөн окуучулар мектептин педагогикалык кеңешинин чечими боюнча кийинки класска которулат.

-Өткөн класстын (баскычтын) негизги мектептин программаларын өздөштүрбөгөн окуучулардын Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык мектептин кийинки классында (баскычында) окуусуна жолберилбейт. Мамлекеттик жыйынтыктоочу

аттестациядан өткөн мектептин бүтүрүүчүсүнө Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык мектептин герби бар мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) тапшырылат.

-Мектеп жалпы башталгыч, жалпы негизги же жалпы орто билим берүүнү аяктабаган окуучуга аныкталган үлгүдөгү маалымкат тапшырат.

-Жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын өздөштрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүгө Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык билим берүү уюмунун герби бар мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билиминин артыкчылыгы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) тапшырылат.

-Бир же бирнече сабактарды өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчү «Айрым сабактарды өздөшүрүүдө жетишкен өзгөчө ийгиликтери үчүн» деген Мактоо грамотасы менен сыйланат.

-Бардык сабактар боюнча эң жакшы чейректик, жылдык жана жыйынтыктоочу баалары бар көчүрүү класстарынын окуучулары «Окуудагы эң жакшы ийгиликтери үчүн» деген Мактоо баракчасы менен сыйланат.

-Мектепте педагогикалык кеңешинин чечими жана балдардын иштери боюнча комиссиянын макулдугу боюнча укукка каршы иш-аракеттерди жасаган жана Уставка көп жолу одоно бузгандыгы үчүн он беш жашка чыккан окуучуларды, педагогикалык таасир этүүнүн чектөө чарасы катары мектептен чыгарууга жол берилет.

-Мектептен окуучуларды Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык чыгарылат

-Балдардын иштери боюнча комиссия ата-энелер (мыйзамдуу өкүлү) менен бирдикте чыгарылган окуучуну башка мектепте (мектепте) окуусун улантуу же ишке орноштуруу боюнча чечимин бир ай ичинде кабыл алат.

-Жетим балдарды жана ата - энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) багуусунан ажыраган балдарды мектептен чыгаруу жөнүндө чечим тийиштүү жергиликтүү мамлекет тик администрациянын алдындагы үй-бүлөнү жана балдарды коргоо боюнча бөлүмдөрдүн макулдугу менен кабыл алынат.

**7.8 Мектепти мугалимдер менен толуктоо.**

Мектеп кызматкерлеринин штатын түзүүнүн тартибин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

Мектепти мугалимдер менен толуктоо Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык жургузулөт. Мугалимдер үчүн негизги жумуш берүүчү болуп мектеп эсептелет.

Педагогикалык кызматка билим жөнүндөгү дипломү, тийиштүү педагогикалык адистикке ээ болгон адамдар конкурстун негизинде кабыл алынат.

Соттолгон же Кыргыз Республикасынын өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык көрсөткүчтөрү бар жарандарга мектепте иштөөгө жол берилбейт.

Педагогикалык иш жүргүзүү укугунан ажыратуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

Мугалимдердин эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык түзүлгөн келишим менен жөнгө салынат.

**7.9 Мугалимдер төмөнкүлөргө укуктуу:**

- Окутуунун жана тарбиялоонун усулдарын, мектептин программаларын, окутуу-усулдук комплекттерин, окуучулардын билимин баалоонун усулдарын өз алдынча тандоого жана колдонууга;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, окутуу жана тарбиялоо усулдарынын негиздеринде автордук мектеп программасын, окуу китебин, окутуу-усулдук колдонмолорун иштеп чыгууга жана колдонууга;
- Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жүзүгө ашырууга;
- өзүнүн кадыр-баркын жана кесиптик ар-намысын коргоого;

- кесиптик иши үчүн тийиштүү шарттарды талап кылууга;
- өзүнүн кесиптик деңгээлин жана дасыгын жогорулатууга;
- Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык өз ыктыяры менен аттестацияланууга;
- Уставында аныкталган таризде мектепти башкарууга катышууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган кошумча социалдык кепилдиктерге жана жеңилдиктерге;
- **Мугалимдер төмөнкүлөргө милдеттүү:**
- Педагогикалык этиканы, эстетиканы, кийинүү маданиятын (аялдар жоолукту эрежеси менен салынуу) аткарууга.
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде окуучулардын негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүлөрүн камсыздоого Педагогикалык жүктүн өлчөмү окуу планы боюнча сааттардын санына, мектептин кадрлар менен камсыздалган жана башка да ишшарттарына жараша аныкталат.
- Окуу планынын сааттарынын саны азайтылбаса же класстардын саны кыскартылбаса, окуу жылынын башында белгиленген окутуу жүктөмүнүн өлчөмү окуу жылынын ичинде мектептин администрациясынын демилгеси менен бир ставкадан төмөн кыскартылбайт.
- Жаңы окуу жылынын башында окутуу жүктөмүн белгилөөдө, бул мектеп негизги иш орду болуп саналган мугалимдер үчүн класстарда сабак өтүү өлчөмү жан окутууну улантуу сакталат.

**7.10 Директордун буйругу менен мугалимдер арасында класс жетекчилер дайындалат.**

**Класс жетекчилердин милдеттери:**

- Бекитилген класстагы окуучулары менен тарбиялык иш алып барат;
- Окуучуларды эрежени сактоого үндөйт;
- Ата – энелер менен тыгыз байланышта болот;
- Өз убагында окуучуга жардам уюштурат;
- Класстын ишмердүүлүгүн тейлеген документацияны жүргүзөт;
- Иш-чараларды уюштурат.

Мектептен башка категориядагы кызматкерлеринин укуктары менен милдеттери тийиштүү типтеги дасыктык мунөздөмөлөрү жана мектептин уставы менен аныкталат.

**7.11** Окуучулардын коомдук уюмдарга кирүүгө,ошондой эле ушул уюмдарга алардын ишмердигине жана агитациялык компанияларга катышууга тартууга жол берилбейт.

**7.12** Жалпы билим берүүчү программаларды толук көлөмдө өздөштүргөн окуучулар кийинки класска которулат.

**7.13** Окууга.мектеп мүлкүнө аяр мамиле жасоого,башка окуучулардын жана кызматкерлердин кадыр-баркын сыйлоого,жалпы билим берүүчү мекеменин кызматкерлеринин талаптарын аткарууга милдеттүү. Жалпы билим берүүчү мекемедеги тартип окуучулардын,педагогдордун жана жалпы билим берүүчү мекеменин кызматкерлеринин адамдык кадыр-баркын сыйлоонун негизинде колдоого алынат.

**7.14** Ата-энелер(аларды алмаштыруучу адамдар) төмөнкүлөргө укуктуу:

-Жалпы билим берүүчү мекемени жана жалпы билим берүүчү мекемедеги окутуу формасын тандоого:

-Балдардын мыйзамдуу укуктарын жана таламдарын коргоого:

- Жалпы билим берүүчү мекеменин уставында белгиленген формада жалпы билим берүүчү мекемени башкарууга катышууга

**7.15** Ата-энелер (аларды алмаштыруучу адамдар) жалпы билим берүүчү мекеменин Уставын алардын укуктарына жана милдеттерине тешелүү бөлүгүндө аткарууга жана балдарынын билим алышы учүн зарыл шарттарды түзүүгө жана тарбиялоо үчүн

жоопкерчилик тартууга,баланын укуктары жөнүндөгү конвенциянын принциптерин сактоого милдеттүү.

**7.16** Ата-энелер(аларды алмаштыруучу адамдар) башка укуктары жана милдеттери жалпы билим берүүчү мекеменин Уставына ылайык келишим тузүү жөнүндө алар менен жалпы билим берүүчү мекеменин ортосунда түзүлгөн келишимде бекемделиши мүмкун.

**7.12** Жалпы билим берүүчү мекеменин кызматкерлерин топтоо тартиби анын уставы менен регламенттелет.Педагогикалык ишке зарыл болгон педагогикалык квалификациясы бар,кызматы жана алган адистиги боюнча квалификациялык мүнөздөмөнүн талаптарына ылайык келген,билими жөнүндөгү документи бар адамдар,ошондой эле атайын билими жок адамдар педагогикалык кеңештин чечими боюнча 3 ай сыноо мөөнөтү менен кабыл алынат.

**7.17** Жалпы билим берүүчү мекеменин кызматкерлерине жана администрациясына карата Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары колдонулат.Эмгек келишиминин жарактуулук мөөнөту Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндөгү мыйзамдарына ылайык аны түзөтүүдө кызматкер жана жумуш берүүчү тарабынан аныкталат.

**7.18** Жалпы билим берүүчү мекеменин кызматкерлери төмөкүлөргө укуктуу:

- Жалпы билим берүүчү мекеменин уставында аныкталган тартипте жалпы билим берүүчү мекемени башкарууга катышууга

**7.19** Мугалимдерге жана башка педагогикалык кызматкерлерге окуу жүктөмүнүн (педагогикалык иштин)көлөмү окуу планы жана программалар,кадрлар менен камсыз болуучулук, жалпы билим берүүчү мекемедеги башка конкреттуу шарттар боюнча сааттардын санына жараша аныкталат.Окуу жүктөмүнүн(педагогикалык иштин) көлөмү эмгек акынын ставкасы үчүн сааттардын көп же аз нормасы кызматкердин жазуу жүзүндөгү макулдугу менен белгиленет.Окуу жылынын башталышында белгиленген окуу жүктөмүнүн (педагогикалык иштин) көлөмү окуу планы жана программалары боюнча сааттардын саны азайганын,класстардын(топтордун) санынын азайган учурларын кошпогондо администрациянын демилгеси боюнча окуу жылынын ичинде азайтылыш мүмкүн эмес.

## XIII. Жалпы билим берүүчү мекеменин түзүмү

**8.1** Жалпы билим берүүчү мекеменин түзүмү коюлган милдеттерди жана ушул уставды эске алуу менен жалпы билим берүүчү мекеменин директору тарабынан аныкталат,айыл өкмөтүнүн макулдугу боюнча билим берүүнүн аймактык башкаруу органы тарабынан бекитилет.

**8.2** Кызматкердин саны финансылык ресурстарга жана окуучулардын санына жараша жалпы билим берүүчү мекеме тарабынан өз алдынча аныкталат.

Кызматкерлердин фунционалдык милдеттери директор тарабынан бекитилүүчү ички жоболор менен аныкталат.

**8.3** Жалпы билим берүүчү мекеменин филиалдары болушу мүмкүн,алар жалпы билим берүүчү мекеме турган жерден сыртта жайгашат жана функциялардын бардыгы же анын бөлүктөрүн,анын ичинде өкүлчүлүк функцияларын аткарган юридикалык жактан обочолонгон бөлүгү болуп эсептелет.Филиалдар юридикалык жак болуп эсептелишпейт.Аларга жалпы билим берүүчү мекеменин мүлкү бөлүп берилет жана ал бекилген жобонун негизинде иштейт.Филилиалдардын жетекчилери жалпы билим берүүчү мекеменин жетекчиси тарабынан даярдалат жана анын ишеним катынын негизинде иштейт.Өкүлчүлүктөр жана филиалдар алардын түзүүчү жактын уюштуруу документтерине көрсөтүлүүгө тийиш.Филиалдардын аталышы____жок_____анын дареги жайгашкан жери_________жок.

**IX.Жалпы билим берүүчү мекемени башкаруу**

**9.1** Жалпы билим берүүчү мекемени башкаруу "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана жалпы билим берүүчү мекеменин уставына ылайык демократиялуулук,ачыктык,жалпы адамзаттын баалуулуктардын артыкчылыгы,адамдын өмүрүн жана ден соолугун коргоо,инсандыкты эркин өнүктүрүү принциптеринде жүргүзүлөт.
**9.2**Жалпы билим берүүчү мекемени башкаруунун жогорку органы болуп анын уюштуруучулары болуп эсептелет,алардын ыйгарым укуктарына жалпы билим берүүчү мекеменин ишин координациялоо кирет.
**9.3** Жалпы билим берүүчү мекемени түздөн-түз жетектөөнү жалпы билим берүүчү мекемениниин Уставында аныкталган тартипте жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык дайындалган директор ишке ашырат:
**9.4** Жалпы билим берүүчү мекеменин директору:
-Педагогикалык коллективке жетекчилик жүргүзөт

- КРнын Конституциясынын, КРнын «Билим берүү жөнүндө» жана «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдын жалпы орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларын сактап, ишке ашырат.
- Региондук органдын макулдугу боюнча педогогикалык кеңешменен бирдикте мектептин негизги өнүгүү багыттарын аныктап ишке ашырат.
- Жарандардын жалпы орто билим алуу зарылчылыктарын канааттандырат;
- Администрациялык аткаруу органдарында жана башка мекемелерде мектептин укуктарын жана кызыкчылыктарын көздөйт жана коргойт.
- Мугалимдерди жана техникалык персоналдарды тандоону жана жайгаштырууну жүргүзөт, педагогикалык кеңештин ишин жетектейт.
- Билим берүүнү мамлекетик башкаруунун тийиштүү региондук органы менен макулдашылган окуу планын мугалимдер менен бирдикте жүзөгө ашырат.
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги мектеп программаларынын чегинде окуучулардын билимдеринин жеткиликтүүлүгүн жана сапаттуулугун камсыз кылат.
- Класстан тышкаркы иштердин мазмуну аркылуу окуучуларды тарбиялоо ишин камсыздайт жана көзөмөлдөйт;
- Мугалимдердин дасыктарын жогорулатууга жана алардын кесиптик өсүшүнө шарттарды түзөт, ошондой эле алардын аттестациясын өткөрөт.
- Билими жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документтерин тапшырууну уюштурат жана аларды даярдоо үчүн бүтүрүүчүлөр жөнүндө тапшырылуучу маалыматтын тактыгын камсыздайт жана жооп тартат.
- Балалыкты коргоо, жеткинчектердин укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоо боюнча талаптарды көзөмөлдөйт жана сактайт;
- Мектептин каржылык-чарбачылык ишин жетектейт жан көзөмөлдөйт.
- Гранттардын жана инвеститциялардын, ата-энелердин өз эрки менен тапшырган төлөмдөрүн, анын ичинде кошумча билим берүү кызматынан түшкөн кирешелерди да, натыйжалуу пайдаланууну көзөмөлдөйт жана жекече түрдө жооп берет.
- Мектеп материалдык, техникалык базасын эсепке алуу жана сактоо, техникалык кооопсуздугун жана санитардык тазалык режимин сактоо, окуучулардын жана кызматкерлердин эмгегин коргоо үчүн жоoптуу болот жана алар үчүн жооп тартат.
- Жетектеген мектепте өрткө каршы коопсуздук боюнча ошондой эле окуу учурунда окуучулардын жана кызматкерлердин өмүрлөрүнө жана ден соолуктарына коркунуч келтирген же алардын өлүмүнө алып келген учурлардын татаалдыгына жана күнөөөсүнүн деңгээлине жараша КРнын мыйзамдарына ылайык тартиптик администрациялык жана кылмыш жоопкерчилигин жекече түрдө тартат.

- Кызматтык милдеттерге мектептин уставына жана КРнын ченемдик укуктук актыларына башка да милдеттерди аткарат.
- Директор жалпы билим берүүчү мекеменин атынан чыгып келишимдерди анын ичинде эмгек келишимдерин түзөт,ишеним каттарды берет,банктарда алыш-бериш жана башка эсептерди ачат,белгиленген тартипте штатты бекитет,жалпы билим берүүчү мекеменин бардык кызматкерлери үчүн милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат жана көрсөтмөлөрдү берет,билим берүүнү башкаруу органдарына бекитүү үчүн жалпы билим берүүчү мекеменин ишинин келечек,жылдык жана учурдагы пландарын киргизет
- Педагогикалык жана башка кызматкерлерди жумушка алууну жана кызматтан бошотууну билим берүү уюмунун директору Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык жүргүзөт.

**9.5** Жалпы билим берүүчү мекеменин директору Кыргыз Республикасынын Эмгек мыйзамдарында,келишимдерде жана ушул уставда каралган өзүнүн функционалдык милдеттерине ылайыкөзүнүн иши үчүн ата-энелердин жана мамлекеттин,коомчулуктун жана уюштуруучулардын алдында жеке жоопкерчилик тартат

**9.6** Жалпы билим берүүчү мекемеде өз алдынча башкаруу формасы болуп жалпы билим берүүчү мекеменин педагогикалык,камкордук кеңештери,эмгек жамаатынын жалпы чогулушу эсептелет.

**9.7** Жалпы билим берүүчү мекеменин Камкордук кеңеши жалпы билим берүүчү мекемени бюджеттен тышкары каржылоого көмөк көрсөтүү жана аларга уюштуруучулук,финансылык жана консультациялык жардам көрсөтүү үчүн түзулгөн демөөрчүлөрдүн ыктыярдуу бирикмеси болуп эсептелет.Камкордук кеңеши жалпы билим берүүчү мекемеге берилүүчү каражаттарды жана мулктү пайдалануу боюнча чечимдерди кабыл алуу жолу менен башкарууга катышат.

**9.8** Жалпы билим берүүчү мекемеде окуу-тарбия процессин өнүктүрүү жана өркундотүү,мугалимдер менен тарбиячылардын кесиптик чеберчилигин жана чыгармачыл өсүүлөрүн жогорулатуу максатында Педагогикалык кеңеш иштейт.Ал жалпы билим берүүчү мекеменин педагогикалык кызматкерлерин жалпы билим берүүчү мекеменин директорунун төрагалыгы астында бириктирилген коллегиялуу орган.

Педагогикалык кеңеш

-Билим берүү мазмунун тандоо,окуу-тарбия иштердин формаларын,методдорун жана аларды ишке ашыруу ыкмаларын талкуулайт жана ишке киргизет

-Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу,алардын чыгармачыл демилгелерин өнүктүрүү боюнча иштерди уюштурат

-Окуучуларды класстан класска көчүрүү,кийинки класска шарттуу көчүрүү,ошондой эле ата-энелер(мыйзамдуу өкүлдөрү менен макулдашуу боюнча окуучунун үй-бүлөлүк билим берүү формасына кайта окутууга калтыруу жөнүндө чечим кабыл алат. Жалпы билим берүүчү мекеменин зарылдыгына жараша директор чакырат.

**X.Каржылоо булактары жана каражаттарды пайдалануу тартиби**

**10.1** Жалпы билим берүүчү мекеменин финансылык каражаттарынын негизги булактары төмөнкүлөр эсептелет:

-Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттары

-Башка жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары

-Продукцияларды жана кызматк өрсөтүүлөрдү сатуудан ,ошондой эле башка уруксат берилген өз алдынча ишмердиктин түрлөрүнөн алынган киреше

-Кошумча акы төлөөкызматты окуучуларга көрсөткөндүгү үчүн алынган ата-энелердин аларды алмаштыруучу адамдардын каражаттары

--Эл аралык уюмдардын гранттары

-Кыргыз Республикасынын мыйзамына каршы келбеген башка булактар
-Коомдук колдоо фондусунун каражатынын максаттуу пайдалануусун ата-энелерден түзүлгөн камкорчулар коомдук бирикмеси көзөмөлдөйт.
-Камкорчулар коомдук бирикмесиКыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2009-жылдын 12-октябрындагы №961/1 буйругунун негизинде типтүү жобого таянып иш алып барат.
**10.2** Мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен жалпы билим берүүчү мекемени каржылоо жалпы билим берүүчү мекеменин тартибине жараша бир окуучуга эсептегенде бюджеттик каржылоонун минималдуу стандартынын негизинде жан башына каржылоо нормативи боюнча ишке ашырылат.
**10.3** Жалпы билим берүүчү мекеме болгон финансылык каражаттарын өз алдынча тескейт. Жалпы билим берүүчү мекеме квалификациялык талаптарга ылайык бирдиктүү тпарифтик торчонун негизинде кызматкерлерге эмгек акы ставкасын /кызматтык маяналарды/ белгилейт жана аттестациялык комиссиянын чечиминин негизинде эмгек акыга багытталган каражаттардын чегинде туруктуу жана башка төлөөлөрдү.ошондой эле штаттык расписаниени,кызматтык милдеттерди бөлүштүрүүнү аныктайт.

**XI.Ушул Уставка өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кабыл алуу**
**11.1** Ушул Уставка өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кабыл алуу эмгек жамаатынын жалпы жыйналышы менен кабыл алынат,уюштуруучулар тарабынан бекитилет жана Кыргыз Республикасынын иыйзамдарында белгиленген тартипте каттоодон өткөрүлөт.

**XII. Жалпы билим берүүчү мекеменин ишмердигин көзөмөлдөө**
**12.1** Жалпы билим берүүчү мекеменин ишмердигин көзөмөлдөө ушул Уставда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүлөт

**XIII. Жалпы билим берүүчү мекеменин ишин токтотуусу**

**13.1** Жалпы билим берүүчү мекеменин иши уюштуруучулардын же болбосо соттун чечими боюнча жоюу же кайра уюштуруу (бириктирүү,кошуу,бөлүү,ажыратуу,кайра өзгөртүү) түрүндө токтотулушу мүмкүн.
**13.2** Жалпы билим берүүчү мекемени жоюу жек айра уюштуруу эреже катары окуу жылы аяктаганда жүргүзүлөт,уюштуруучулар окучуларды алардын ата-энелерин/аларды алмаштыруучу адамдардын/макулдугу боюнча башка билим берүү мекемесине которууга жоопкерчиликти өз мойнуна алышат
**13.3** Жоюу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жоюу комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.
**13.4** Жалпы билим берүүчү мекеменин иштөө процессинде түзулгөн документтер “Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.

“Чоң-Талаа” орто мектебинин №1 педагогикалык кеңешмесинде 26.08.2021 талкууланды.Жалпы Билим берүүчү мекеменин
директору:________________________________________Камилова Гүлзар Кудайбердиевна